

# Колдонуучулар үчүн көрсөтмө


<u>**СОчИ системасына (Интернет аркылуу отчет берүү системасы) кирүү**</u>

СОчИ системасын колдонуу үчүн http://dostek.kg сайтына кирип, сайттын жогору жагындагы СОчИ бөлүмүн басып же http://sochi.dostek.kg дарегин браузериңиздин дарек сабына түздөн-түз киргизүү жолу менен кирсеңиз болот.






Биз СОчИ системасына кирүү баракчасындабыз.
Системага кирүүнүн 2 жолу бар: “Вход через токен” жана “Вход через облако” ыкмалары. Эгер Сиздин ЭСККңүз (электрондук-санариптик кол коюу) RuToken ЭЦП корголгон эс тутумунда жайгашса – “Вход через токен” ыкмасын тандаңыз, эгер ЭСККңүз булутта сактоо сервисинде жайгашкан болсо – “Вход через облако” ыкмасын колдонуп кирсеңиз болот.




Булутта сактоо сервиси аркылуу кирүү жолун карап көрөлү.
1. "Вход через облако" сабын басыңыз.
2. Системанын сурагы боюнча уюмуңуздун ИННин териңиз. Экрандык клавиатураны (ЭК) колдонууну сунуштайбыз, анткени берилмелерди ЭК аркылуу терүү Сиздин персоналдык маалыматыңыздын сактыгына шарт түзөт. Биздин сайттын "Колдонмолор" бөлүмүндө ЭКны колдонуу боюнча атайын көрсөтмө бар.
3. "Далее" баскычын басыңыз.




4. Уюмуңуздагы ролуңузду (жетекчи же бухгалтер) тандап, ЭСКК сертификатынын берилмелерине кирүү үчүн ПИН-кодуңузду териңиз. Андан соң "Далее" баскычын басыңыз. ПИН-кодду терүүдө да ЭКны колдонууну сунуштайбыз.




5. Бардык текшерүүлөрдү ийгиликтүү өткөндөн кийин, системага кирүү үчүн “Войти” баскычын басыңыз.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат!